**Кант шаарындагы №3 жалпы билим берүү орто мектеп-гимназиясынын 2021-2022 окуу жылынын кыргыз тил жана адабият МБнин 1-жылдык иш-планынын отчёту.**

2021-2022 окуу жылынын башталышы менен МБнин мүчөлөрү окуу программаларын талкуулап,таанышып,бекитишти (мектептин администрациясы тарабынан).

Жыл башында эле мамлекеттик тил боюнча бир айлык декада башталып план түзүлүп,ошол пландын үстүндө иш жүргүзүлдү.Мамлекеттик тилдин кабыл алынганынын 32-жылдыгына арналган атайын түзүлгөн план менен иш жүргүзүлдү.23-сентябрь күнү мамлекеттик тилдин 32-жылдыгына арналган салтанаттуу линейка өткөрүлдү.Бардык мугалимдер ачык сабактарды өткөрүштү: Алардын ичинен Токталиева Б.Шнын,Темирбекова Н.Анын,Аширбекова В.Шнын сабактарын жогорку деңгээлде өттү деп эсептесе болот.Бир айлыкка дээрлик баардык класстар активдүү катышып,дубал газеталарды чыгарышып,дилбаян,эссе,реферат жазышып сүрөт конкурстары уюштурулду.Ошондой эле окуучулар арасында макал айтуу,көркөм ыр айтуу,акыйнек айтуу конкурстары өткөрүлдү.Өткөрүлгөн конкурстардын баардыгы жыйынтыкталып,бир айлыктын жыйынтыгында активдүү катышкан окуучулар аныкталып,грамоталар тапшырылды.

Мектеп ичинде окуучулар арасында олимпиада уюштурулуп,жакшы көргөзмө көрсөткөн окуучулар райондук олимпиадага даярдыктарды көрүшүп катышышты.

I-чейректин жыйынтыгы чыгып,начар жана жакшы окуган окуучулар менен кандай иш алып баруга иш пландары түзүлдү.

2021жылдын 18-ноябрында мектепте райондук семинар өткөрүлүп Темирбекова Н.А 6в-класс тема: "Туунду жана тубаса этиштер",Токталиева Б.Ш 4а-класс тема: "Окуу эмгек" жана Садырбек кызы Нурзат 8а-класс тема: "Сүйлөмдүн аныктоочу" деген темаларда ачык сабактарды өткөрүштү.

12-декабрь Ч.Айтматовдун 93-жылдыгына карата класстар арасында аңгемелер жүргүзүлдү.

Мамлекеттик жана коомдук ишмер Жусуп Абдрахмановдун 120-жылдыгына карата Ысык-Ата райондук билим берүү бөлүмү 07.10.2021-жыл № 35 буйругунун негизинде,мугалимдердин педагогикалык тажрыйбасын арттыруу жана окуучуларга тарыхый инсан Жусуп Абдрахмановдун өмүр баяны,ишмердүүлүгү боюнча маалымат берүү менен мекенчиликке тарбиялоо максатында төмөндөгүдөй иш-чаралар аткарылды:

1. 1-4 класстарда ангемелер,сүрөттөр жана башкалар болду.

2. 5-8 класстарда жат жазуу иштери алынды.
3. 9-11 класстарда Жусуп Абдрахмановдун өмүрү,чыгармачылыгы боюнча ангемелер жана класстык сааттар өткөрүлдү.

21-декабрь “Манас күнүнө”карата 3,4,9 класстар арасында Манас айтышуу конкурсу өткөрүлүп, Токталиева Б.Ш,Асанбекова Ч.Т,Садырбек кызы Нурзаттын окуткан окуучулары активдүү катышып,Манас айтуунун өзүнчө ыкмаларын жакшы өздөштүргөнүн көрсөтө алышты.

II-чейректин жыйынтыгы чыгып.сабакта окуучулардын оозеки кебин өстүрүүгө көңүл бурулуп начар окуган окуучулардын деңгээлин көтөрүүгө иш пландары түзүлдү.

21-март Нооруз күнүнө карата 11-класстар менен МБнин мүчөлөрү Нооруз майрамы.жаңы жыл майрамы экенин айтышып,мектепте салтанаттуу линейка өткөрүлүп.кыргыздын каада салты“ысым кою”жана “тушоо кесүү”салттары көрсөтүлүп көркөм ырлар,обондуу ырлар,бийлер уюштурулуп ийгиликтүү өткөрүлдү.

III-чейректин жыйынтыгы чыгып.жогорку класстын мугалимдери Кетегеева А.Дж.Осмонова Ж.К.Асанбекова Ч.Т жалпы республикалык тестирлөөгө жана мамлекеттик экзамендерге окуучулардын даярдыктардын көрүштү.

Биринчи,экинчи жарым жылдыкта окуучулардын билим сапаттуулуктары текшерилип.көчүрүү жана мамлекеттик экзамендерди өткөрүп 2021-2022 окуу жылы ийгиликтүү жыйынтыкалды.

Мектептин директору : Тынаева С.К

МБнин жетекчиси : Садырбек кызы Н